Педагогикалык кеңеш
тарабынан кабыл алынган
Протокол № 1 «1» 09 2019-ж.

«Бекитемин»
Мектеп жетекчиси Боркеев Э. Т.
«1» 09 2019-ж.

# Камчибек Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинин 2019-2020-окуу жылына карата тарбиялык иштер боюнча бир жылдык иш план.

## СЕНТЯБРЬ

| № | Иштелүүү иш чаранын темасы | Күнү | Класс | Формасы | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 1-сентябрь –Билим күнү. «Сүйүктүү Кыргызстаным» | 1.09.19 | 1-11-класстар | Класстык тарбиялык саат | Класс жетекчилер |
| 2 | Окуучуларга жолдо жүрүү эрежелерин түшүндүрүү | Сентябрь | 1-11-класстар | Класстык тарбиялык саат | Класс жетекчилер |
| 3 | Мектеп парламентин шайлоо | Сентябрь | 8-11-класстар | Жыйналыш | Тарбия завуч |
| 4 | 9-сетябрь-комуз күнүн өткөрүү | 9-сентябрь | 1-11-класстар | Класстык тарбиялык саат | Класс жетекчилер |
| 5 | 23-сентябрь мамлекеттик кыргыз тил күнүн өткөрүү | 23-сентябрь | 1-11-класстар | Класстык тарбиялык саат. | Усулдук бирикме Класс жетекчилер |

## ОКТЯБРЬ

| № | Иштелүүү иш чаранын темасы | Күнү | Класс | Формасы | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | «Карысы бардын –ырысы бар» | 1-октябрь | 1-11-класстар | Үйгө барып куттуктоо | Мектеп парламенти |
| 2 | «Мугалим мөмөлүү-дарак» | 5-октябрь | 1-11-класстар | Дублер күн | Тарбия завуч Мектеп парламенти |
| 3 | Эмгек жашоонун булагы | Октябрь | 4-11-класстар | Ишембилик | Тарбия завуч Класс жетекчилер |
| 4 | Берекелүү алтын күз | Октябрь | 1-11-класстар | Конкурс | Тарбия завуч |
| 5 | Залдарды, класстарды жылуулоо | Каникул учурунда | 1-11-класстар | Практикалык иш | Класс жетекчилер |

## НОЯБРЬ

| № | Иштелүүү иш чаранын темасы | Күнү | Класс | Формасы | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мектеп рекетчилиги деген эмне? | Ноябрь | 5-11-класстар | Тарбиялык сааттар | Соц педагог<br>Класс жетекчилер |
| 2 | Эрте жетилүүнүн зыяндары | Ноябрь | 8-11-класстар | Тарбиялык саат | Соц педагог<br>Класс жетекчилер |
| 3 | «Ар бир кесип ардактуу» | 15-ноябрь | 2-4-кл<br>5-7-класстар | Тарбиялык саат<br>Салтанаттуу линейка | Тарбия завуч<br>Класс жетекчи<br>Мектеп парламенти |
| 4 | Өздүк гигиена | Ноябрь | 1-11-класстар | Тарбиялык саат | Класс жетекчи |

## ДЕКАБРЬ

| № | Иштелүүчү иш чаранын темасы | Күнү | Класс | Формасы | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Вич-Спид оорулары | 1.12.19 | 9-11-кл | Диспут | Тарбия завуч |
| 2 | 4-декабрь-«Манас күнүн" өткөрүү | 4.12.19 | 1-11-класстар | Тарбиялык саат.<br>Конкурс | Кыргыз тил усулдук бирикмеси, класс жетекчилер |
| 3 | Диний булактардын таасири. | Декабрь | 5-11-класстар | Тарбиялык саат | Тарбия завуч<br>Класс жетекчи |
| 4 | «Жаңы жыл» жалпы майрам | 28-29-декабрь | 0-11-класстар | Майрамдык кече | Тарбия завуч,<br>класс жетекчи |

## ЯНВАРЬ

| № | Иштелүүчү иш чаранын темасы | Күнү | Класс | Формасы | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жугуштуу оорудан сак бол! | Январь | Мектеп парламенти | Тренинг | Тарбия завуч<br>Ден-соолук министри |
| 2 | Жолдо журсөн сак бол! | Январь | 1-5-класстар | Тарбиялык саат | Тарбия завуч<br>Класс жетекчи |
| 3 | Эрте жетилүүнүн зыяндары | Январь | 8-11-класстар | Диспут | Соц педагог<br>Тарбия завуч |
| 4 | Таланттууларды тандайбыз "Сары өзөн-2020" | Январь | 1-11-класстар | Конкурс | Тарбия завуч<br>УБ |

**ФЕВРАЛЬ**

| № | Иштеүүчү иш чаранын темасы | Күнү | Класс | Формасы | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ата Мекенди коргоо күнүнө карата Афган, Баткен согушунун ветерандары менен жолугушуу. | 15-02.20 | 7-11-класстар | Жолугушуу | Тарбия завуч |
| 2 | 23-февраль Ата Мекенди коргоо күнү. «Кана эмесе жигиттер» спорттук таймаш | 22.02.20 | 9-11-класстар | Спорттук таймаш | Тарбия завуч Жумагулов К. Боркеев Э.Т |
| 3 | «Ата Мекенди сүйөм» сүрөт сынагы | 22.02.20 | 1-7-класстар | Сүрөт сынагы | Ибраева Р.К |
| 4 | Менин укуктарым | Февраль | 4-8-класстар | Класстык саат | Класс жетекчилер |

**МАРТ**

| № | Иштелүүү иш чаранын темасы | Күнү | Класс | Формасы | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз мамлекетинин атрибуттары (герб, гимн,кыргыз желеги) күнүн белгилөө. | Март | 1-11-класстар | Класстык саат | Класс жетекчилер |
| 2 | «Улуттун баалуулугу-Ак калпак» | Март | 1-11-класстар | Салтанаттуу линейка | Тарбия завуч |
| 3 | 8-март аялдардын эл аралык майрамы. Ааламдын ажары-аялзат» сынагы | 7.03.20 | 5-11-класстар | Конкурс | Тарбия завуч Класс жетекчилер |
| 4 | «Салам сага санжыралуу – Ноорузум» | 19.03.20 | 1-11-класстар | Көрсөтмөлүү сабак. Улуттук каада салт көргөзүү. | Класс жетекчилер |

**АПРЕЛЬ**

| № | Иштелуучу иш чаранын темасы | Күнү | Класс | Формасы | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Бак-дарактарды отургузуу. | Апрель | 1-11-класс | Эмгек практикасы | Тарбия завуч Класс жетекчилер |
| 2 | Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук. | Апрель | 5-11-кл | Аңгемелешүү | Соц.педагог |
| 3 | Жалпы ата-энелер чогулушу. | Апрель | 1-11-кл | Чогулуш | Мектеп администрациясы |
| 4 | Дени сак улут-дени сак өлкө. | 27.04.20 | 1-11-класстар | Класстык саат | Класс жетекчилер |

## МАЙ

| № | Иштелүүү иш чаранын темасы | Күнү | Класс | Формасы | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Бак-дарактарды сугаруу, гүл отургузуу. | Май | 5-11-класстар | Ишембилик | Класс жетекчилер |
| 2 | 9-Май Улуу Жеңиш күнү | 7.05.20 | 1-11-класстар | Салтанаттуу жүрүштө басуу | Класс жетекчилер, ДПМ мугалим |
| 3 | «Кош бол башталгыч класс» | Май | 1-4-класстар | Салтанаттуу кече | Класс жетекчилер |
| 4 | Акыркы коңгуроо | 25-май | 1-11-класстар | Салтанаттуу линейка | Тарбия завуч |

## ИЮНЬ

| № | Иштелүүчү иш чаранын темасы | Күнү | Класс | Формасы | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 1-июнь –Балдарды коргоо күнү | 1.06.20 | 1-11-класстар | Оюн зоок программасы | Тарбия завуч |
| 2 | Башталгыч класстардын окуучуларына жайкы лагерь уюштуруу | Июнь | 1-6-класстар | Оюн зоок программасы | Тарбия завуч Класс жетекчилер |
| 3 | Бүтүрүү кечеси | Июнь | 9-11-класстар | Салтанаттуу линейка | Тарбия завуч Класс жетекчилер. |

**Кыргызстан президентинин жарлыгы менен 2019-жыл "Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү" жарлыгына ылайык**

**Камчибек Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинин**

**2019 -2020 - окуу жылына карата түзүлгөн**

**тарбиялык ишине талдоо**

К.Шакиров орто мектебинде жаңы окуу жылына карата тарбия иштерине тийиштүү деңгээлде жүргүзүлүшү үчүн атайын иш-чаралардын иш-планы түзүлдү. Класс жетекчилер тарабынан окуучулар жөнүндө жалпы маалымат алынды. Ар бир окуу жылына ылайыкталган класс жетекчинин тарбиялык журналдары таратылды.

Ошондой эле мектепте 7 адамдан турган профилактикалык кеңеши түзүлүп, анын иш планы бекитилди.

Сабакты көп калтырган, турмуш шарты оор, окууга мамилеси жок окуучуларды мектепке тартуу максатында мектепте тарбия завуч, соц.педагог, класс жетекчилер тарабынан жүрүштөр өткөрүлдү.

Класстык тарбиялык сааттар мектептин окуу жүгүртмөсүнө коюлуп, класстан тышкаркы жүргүзүлүүчү иш-чаралардын болжолдуу темалары кабыл алынды.

Жыл ичинде мектепте тартип, тазалык, форма, жетишүү, катышуу ж.б окуучулардын иш-чараларын көзөмөлдөп туруу үчүн дежурствонун графиги бекитилди.

Мектепте "Өзүн өзү башкаруу" парламенти түзүлүп, лидерлери шайлоо болуп тандалып алынды жана алардын алып баруучу иш-чаралары пландаштырылды. Мектеп президенти болуп 11-класстын окуучусу Курманбек кызы Айгерим тандалды, премьер министрликке Токтосунова Айгуль дайындалды.

Окуучулардын бош убактысын туура пайдалануусу үчүн мектепте көркөм өнөр кружогу жана спорт кружогу иштеп жатат.

Коопсуздук, техникалык эрежелерин сактоо, жол эрежелерин, өрт, табигый кырсыктар коопсуздугун сактоо иш-чаралары класс жетекчилер жана дене тарбия мугалимине тапшырылды жана талапка ылайык иш жүзүнө ашууда.

9-сентябрда 1-11 –класстар арасында салтанаттуу линейка өткөрүлдү. Мында окуучуларга "Жолдо жүрүүнүн эрежелери" жөнүндө түшүндүрмө иштери айтылды. Бул айда ар бир класс жетекчи окуучуларга "Жолдо жүрүүнүн эрежеси", жол коопсуздугу тууралуу тарбиялык сааттарды өтүштү. Окуучулар күндөлүгүнө үй-мектеп-үй багытын чийишти. Сентябрь айында күн сайын 7:30-9:30-чейин мектеп алдындагы жол өтүмүндө, көзөмөлдөө турду. Жолдо жүрүүнүн эрежелерин сактоо боюнча жаш инспекторлор тобу түзүлүп, планы бекитилди.

Бардык класс жетекчилерден, окуучулардын социалдык абалы жөнүндө маалыматтарды соц педогог алып, мектеп окуучуларынын социалдык абалын тактады.

Даталуу күндөр да өз деңгээлинде уюштурулуп турат. М: 1-сентябрь "Билим күнүнө» арналган салтанаты, 23-сентябрь "Эне-тилим сыймыгым", Мамлекеттик тилдин бир айлыгы, "Мугалим-мөмөлүү дарак" салтанаты, "Карысы бардын ырысы бар", "Алтын күздүн берекеси" сынагы, "Табият менен таттуу мамиледе болуу" экологиялык акциясы,"Манас күнү", "Жаңы жылды тосуу" ж.б салтанаттары кызыктуу, профессионалдык жактан жогорку деңгээлде өткөрүлөт.

Ысык-Ата райондук Билим Берүү бөлүмүнүн №41 2-сентябрь 2019-жылкы буйругунун негизинде "**Озон катмарын коргоонун эл аралык күнүнө**" карата төмөндөгү тарбиялык иштер аткарылды.

№41 буйруктун негизиндеги иш-чаранын алкагында, мектепте 16-сентябрь "Озондук катмарды сактоо үчүн күрөшүүнүн Эл аралык күнүнө" арналган тарбиялык сааттар өткөрүлүп, дубал газета, дилбаян жаздырылды. Озон катмары тууралуу мектептин тарбия завучу райондук семинарда өткөрүлгөн сабактагы маалыматтарды, материалдарды, плакаттарды колдонуп линейкада доклад окуп, түшүндүрүү иштерин жүргүздү. Мектептин биолог мугалими Тойтуева Зура Жанбаевна 5-6-класстардын окуучуларына "Озон катмарынын бүгүнкү абалы"- деген темада ачык сабак өттү.

Озон катмары тууралуу парламент мүчөлөрү тарабынан "Озон катмарын сактоо" тууралуу акция өткөрүлдү жана мектептин алдына таштандыларды таштоо үчүн урналар коюлду.

Мындай көйгөйлөрдү чечүү маселеси мындан 32 жыл мурда озон катмарын сактоо боюнча биргелешкен Вена конференциясында кабыл алынган. БУУнун Башкы ассамблеясы тарабынан 1994-жылы 16-сентябрь "**Эл аралык озон катмарды сактоо күнү"** деп жарыяланган.

23-сентябрь тил күнүнө карата мектепте бир айлык иш-чаралар түзүлүп, класстык сааттар, сынактар уюштурулду. Мындан тышкары 6-класстын окуучуларынан түзүлгөн "Акыл ордо" таймашы уюштурулуп, биздин окуучулардан түзүлгөн "Даанышман" тобу биринчи орунга ээ болушту.

23-сентябрь күнү кыргыз тили жана кыргыз адабияты мугалимдери уюштурган майрамдык кечении ачылышы болуп өттү. Бул иш чарага 5-11-класстардын окуучулары катышышты. Бул иш чарада кыргыз тили боюнча ырлар, оюндар, дубал гезиттер, улуттук кийимдер, кыргыз элинин унутта калган сөздөрү ж.б абдан кызыктуу программалар болуп өттү.Активдүү катышкан класстар жана окуучулар грамоталар менен сыйланышты.

Мектепте 26-сентябрь жалпы ата –энелер чогулушу өткөрүлдү. Ата-энелер менен келишимдер түзүлдү. Ар бир класста окуучулардын социалдык абалы такталды жана бардык класстарда ата-энелер комитети шайланып, протоколдор түзүлдү.

**Октябрь** айы боюнча мектепте 1-октябрь "Бүткүл дүйнөлүк карылар күнүнө" карата класстык сааттар өткөрүлүп, парламент мүчөлөрүнүн жардамы менен ар бир класс биздин аймакка караган кары адамдардын үйлөрүнө барып, өз жардамдарын көрсөтүп келишти. Мындан тышкары "Манас" уюмунун окуучулары атайы даярдалган жолугушуу өткөрүп, арноо концерти берилди.

5-октябрь "Мугалимдер күнүнө " карата мектептин ички буйругунун негизинде өзүн-өзү башкаруу уюму тарабынан дублер күнү болду. Ар бир класска 11-класстын окуучуларынан предметтик мугалимдер, класс жетекчилер дайындалды. 11-класстын окуучулары тарабынан дайындалган чакан концерттик программа болду.

26- октябрь Баткен согушунун 20 жылдыгына арналган иш чаралар боюнча мектепте адегенде ушул күнү курман болгон баатырларга аза күтүү мүнөтү жана эскерүү болду.

Андан соң, мектептин тарых мугалими Дыйканбаев Каныбек Жекшенович бул күн тууралуу доклад окуду.

Ар бир класс жетекчи "Баткен баатырлары" -деген темада класстык сааттарды өтүштү.

"Баткен согушунун баатырлары эч качан унутулбайт" деген темада дил баян, сүрөт конкурстары уюшулду.

"Жашоонун сергек мүнөзү" улуттук программанын алкагында жана "Жашы жете электердин арасындагы кылмыштуулук" жана "Укук бузуулардын алдын алуу" боюнча мектепте класстык сааттар өткөрүлдү. Дене тарбия мугалими "Биз спорт үчүн"- деген темада 5-6-7-класстар арасында футбол, 8-9-класстарга турникке тартылуу, 100метрге чуркоо боюнча мелдештер уюштурулду.

Мектепте "Алтын күз берекеси" дасторкону жайылып "Күзгү бал" концерттик программасы" өтүлдү. Күз берекеси боюнча дубал газеталар илинип көргөзмө уюшулду жана көргөзмөдө түрлүү жалбырактардан жасалган буюмдар, сүрөттөр, кийимдер көргөзүлдү.

Мындан тышкары ар бир жума күнү, сабактан кийин мектептин тегерегин тазалоо иштери жүргүзүлүп турду. 1-чейректин аяктаганына караштуу ЖЖЭ, ТК, ӨК, өзгөчө кырдаал боюнча окуучуларга инструктаж өткөрүлдү.

**Ноябрь** айында "Бруцеллез, Кутурма, Туберкулез" оорулары жөнүндө 1-11-класстарда класстык сааттар өткөрүлдү. "СПИД" күнүнө карата иш чаранын планы түзүлүп, жаш өзгөчөлүгүнө жараша класстык сааттар өткөрүлүп дубал гезиттери чыгарылды. 10-11 класстардын окуучулары "Вич-инфекция-социалдык экономикалык көйгөй"- аттуу темада дубал гезиттерин чыгарды. 8-11-класттардын окуучуларына "Вич-инфекция-социалдык экономикалык көйгөй"- деген темада видео көрсөтүлдү. 5-6-7-класстар "Спид" боюнча диктант жазышты. 1-11-класстардын окуучуларына "Өздүк гигиенаны сактоо",- деген темада класстык сааттар өткөрүлдү.

**Кыргыз Республикасынын Конституциясында**

**"Балдар укугу жөнүндө конвенция" эркиндиги, кызыкчылыгын көздөгөн мыйзам кепилдиги каралган.**

Ошондой эле КР Конституциясында бала укугун коргоо жана билим берүү "Балдар жөнүндө кодексинде" каралган.

Өспүрүм жаштардын укугун коргоо үчүн 1954-жылы 20-ноябрда ООНдун Генералдык Ассамблеясы өспүрүмдөрдүн укугу жөнүндө декларация кабыл алышкан. Ушуга байланыштуу биздин мектеп дагы " Өспүрүмдөр укугу жөнүндө конвенцияга" таянып иш алып барат. Бул конвенция менен ар бир класс жетекчи таанышып чыгышып ай сайын бир жолу класстык саатта окуучуларга түшүндүрмө берип турушат.

Мындан тышкары чейрек сайын мектеп окуучуларынын арасында талкуу уюштурулуп окуучуларга окуу боюнча өз оюн айтууга шарт түзөт.Ушул иш чаралардын негизинде биз окуучуларга өз укугу жөнүндө кеңири түшүнүк алууга мүмкүндүк беребиз, мисалы: биздин мектепте эч жерде иштебеген ата-энелердин балдары, тоголок жетим, жарым жетим балдар окушат. Бул окуучулар менен жекече иш алып барып спортко, маданий массалык иштерге тартабыз. Мүмкүнчүлүккө жараша гуманитардык жардам берилет. Медицина кызматкерлери окуучулардын ден-соолугун класстык журналга жазып турушат. Билим берүү мыйзамынын 28- беренесинде "орто билим алуусу акысыз" – деп жазылган.Ушуга байланыштуу балдар акысыз билим алууга мүмкүнчүлүгү бар. Мектепте көркөм өнөр кружок жана спорт секциялары иштейт. Бул иш чаралардын максаты окуучуларды ар тараптан өнүктүрүүгө багытталган.

20-ноябрь "Бүткүл дүйнөлүк балдардын укугун коргоо күнүнө" карата парламент мүчөлөрү акция өткөрүштү.

1-2-класстарда сүрөт конкурсу уюшулду жана "Бактылуу балалык" -деген темада класстык сааттар өткөрүлдү. Ден соолукту сактоо максатында 5-11-класстар арасында дене тарбия сабагынан мелдештер өткөрүлдү. Мектептин биология мугалими Тойтуева Зура Жанбайевна "Ден соолукту кантип сактайбыз"- деген темада 5-11-класстардын окуучуларына лекция окуду.

Мындан тышкары декабрь айында мектепте "Манас" эпосу боюнча 6-8-11-класстын окуучулары атайын даярдаган " Манас-эпосу кыргыз элинин туу чокусу" аттуу сынак болуп өттү. "Манас" күнүнө карата стен газеталар чыгарылды жана окуучулардын сүрөт көргөзмөсү уюштурулду. 6-класстын окуучулары "Манас" эпосунан кыскача сценка көргөзүштү.

**Декабрь** айында Улуу жазуучу Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата «Кыргыздын өчпөс жылдызы»-аттуу жумалык өткөрүлдү. Жумалыкта жазуучунун чыгармаларынан көркөм окуу, үзүндүлөрдү аткаруу конкурсу, Айтматовдук окуу, дубал газеталар, сүрөттөр, рефераттар, дил баяндар конкурстары өткөрүлдү.

22-декабрда мектепте кылмыштуулуктун алдын алуу максатында жалпы ата-энелер чогулушу өткөрүлдү. Ата-энелерге окуучулар арасында налог салуу, зордук зомбулуктун алдын алуу, жашообуздагы болуп жаткан көйгөйлүү маселелер тууралуу, мисалга алсак (экстримизм агымдары, террорго каршы күрөшүү, коррупцияга жол жок) сыяктуу темалар боюнча талкуу кеңири өткөрүлдү. Андан тышкары ата-энелерге сак болуу, окуучулардын

коопсуздугун сактоо ар бирибиздин милдетибиз экендигин айтып өтүштү жана кыска метраждуу фильм көргөзүлүп, соц педогог тарабынан доклад окулду.

Жаңы жылга карата 1-11-класстарда "Жаңы жылдык балаты" майрамын өткөрүү уюштурулду. График боюнча 0-8-класстардын окуучуларына 26-декабрда, мектептин өзүн-өзү башкаруу уюму тарабынан дайындалган программа менен ыр ырдашты, бийлешти, оюндарды ойнотушту. Ошондой эле ата-энелер тарабынан дайындалган таттуулар таратылды. 27-декабрь 9-11-класстардын окуучуларына "Жаңы жылдык көгүлтүр от" уюштурулду. Окуучуларга абдан кызыктуу болду. Жаңы жылды тосуу майрамы абдан кызыктуу болду. Мектепке келген ата-энелер да ыраазы болуп кетишти.

**Январь** айында санитардык абалды катуу көзөмөлгө алуу менен бардык класс жетекчилер окуучулардын өздук гигиенасын сактоосуна, кабинеттердин тазалыгын көзөмөлдөөсүнө, желдетүүсүнө дайым көңүл бурушту. Башталгыч класстарда дене тарбия сабагынан "Кыймыл ден-соолукту чыңалтат" - деген темада мелдеш оюну уюштурулду жана класс жетекчилер тарабынан "Абайла тайгактан"-деген темада класстык сааттар өткөрүлдү. 9-11 класстар менен тарых мугалими Дыйканбаев Каныбек "Мекенди коргоо ыйык милдет"- деген темада диспут сабагын өттү. Мындан тышкары жалпы мектеп боюнча жашы жете элек өспурумдөрдүн тартиби боюнча класстык сааттар өтүлдү.

**Спорт жана жетишкендиктер**

Мектепте дене тарбия сабагын Боркеев Эркинбек Токтосунович алып барат. Мектеп ичинде кечкисин балдар мектепке барып машыгат. Мектеп ичинде шахмат, тогуз коргоол, футбол секциялары иштейт. Биздин балдар Чүй облусу, Ысык-Ата району, айыл өкмөт арасында Спартакиадаларга катышып байгелүү орундардын ээси болушат. Көбү эркин күрөштөн, шахматтан, тогуз коргоолдон Спартакиадага көп барышат.

Мектеп окуучуларынын негизги жетишкендиктери ар кандай мелдештерге, фестивалдарга, сынактарга, катышкандыгы.

Мисалы быйылкы окуу жылында 11а-класстын окуучусу Багышанов Арген шахмат боюнча Чуй облусунун чемпиону, Ысык-Ата районунун мыкты шахматчысы, 1-разряддын ээси жана бир нече диплом, сертификаттын ээси болду.

11а-класстын окуучусу Токтосунова Айгуль Ысык-Ата районундагы окуучулар арасындагы "Тогуз коргоол" боюнча спартакиаданын чемпиону.

9-класстын окуучусу Баатырбеков Элдан “Таяк тартыш” боюнча Ысык-Ата районунун чемпиону.

10-класстын окуучусу Сабыркулов Ырыскелди “Таяк тартыш” боюнча II орундун ээси болду.

Ысык-Ата районунун окуучулар арасында футбол турнири боюнча биздин окуучулардан түзүлгөн командачылар IIIорундун ээси болушту.

**Февраль** айында мектепте “Жаш өспүрүмдөр арасында социалдык тармактагы оюндардын күч алышы жана аларды алдын алуу” боюнча мектепте ата-энелер чогулушу өттү. Баардык ата-энелер балдардын мектепке телефон алып келүүсүнө каршы болушту. Балдарын социалдык түйүндөрдөн четтетүүгө сөз беришти жана эки тараптуу протокол түзүлдү.

«Советтик Армиянын Ооганстандан чыгарылышына 31 жыл»- аттуу өткөрүлгөн иш чаранын негизинде 14-февраль мектепте 1-11- класстар арасында линейка болуп өттү. Ооган согушунан каза болгондорду эскерүү минутасы менен башталды. Андан кийин тарых мугалими Дыйканбаев Каныбек Жекшенович Советтик армиянын Ооган жергесинен чыгарылышына 31 жыл аттуу темада доклад окуду. 1979-жылдан баштап Советтик аскерлери киргенден 1989 -жылы чыкканга чейин кенири айтып берди.10 жылга созулган согушка 1 мил. жакын аскер катышып 20 миндей адам каза болгон,30 миндей жоокер жаракат алып майып болушкан. Ал эми 1 миллион ооган эли кырылган. Кыргызстандан Ооганга 7141 жоокер аттанып 252 курман болгон, 582 майып болуп үйүнө келген. 4 жоокер дайынсыз жоголгон. Бүгүнкү күндө Ооган согушунун 6900 ардагери бар.

17-февралда “От болуп жанган Ооган апааты”- денен темада башталгыч класстар тарбиялык саат өткөрүштү. Окуучуларды патриоттук сезимге үндөгөнү билинип турду. Согуш-бул кан өлүм, ачарчылык, жоготуу экенин окуучулардын айткан ырларынан далилденип турду.

Мындан тышкары 5-11- класстарга “Кыргыз жоокерлери Ооганда” деген теманын негизинде тарбиялык сааттар өткөрүлдү.

9-11- класстын окуучулары Ооган согушунун ардагери Осмонов Сааданбек Кубанычбеков менен жолугушту. Агай биздин айыл өкмөтүнөн барган инсандар жөнүндө толук маалыматтарды айтып берди.

23-февраль "Мекен коргоочулар күнүнө" жума ичинде ар бир класста класстык саатар өткөрүлдү. 21-февраль күнү мектепте "Мекен коргоочулар күнүнө"арналган чакан концерт уюштурулуп, концертте ыр ырдалып, бий бийленип аскер жоокерине тиешелүү конкурстар, оюндар аткарылды жана согуш убагын чагылдырган сахналаштырылган сценка коюлду.

**Март** айынын үчү күнү мектеп окуучуларына линейка өткөрүлдү. Линейкада 3-март "Кыргызстандын желеги күнү"экендиги айтылып, тарых мугалими Дыйканбаев Каныбек агай линейкада желек тууралуу толук маалымат берди.

5-март "Ак калпак" күнүнө карата план түзүлдү, план боюнча класстык саатар өткөрүлдү жана парламент мүчөлөрү акция жүргүзүштү.

"8-март бүткүл дүйнөлүк Аялдар күнүнө" карата 6-март күнү мектепте кыздар арасында сынак уюштурулуп мектептеги мугалимдер жамаатына жана окуучуларга жагымдуу маанай тартуулашты.

Мындан тышкары март айында дүйнө жүзүндө болуп жаткан "Коронавирус" илдетине карата 1-11-класстардын окуучуларына оору тууралуу класстык саатар өткөрүлдү жана видео сабактар көргөзүлдү. Мектепте Коронавирус боюнча атайын "Коронавирус деген эмне"- деген темада стенд жасалды. Мындан тышкары окуучуларга Коронавирустун алдын алуу боюнча эрежелер айтылды жана өздүк гигиенаны сактоонун жолдору боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, колду жуу, үчүн шарттар түзүлдү жана Сын-Таш айылдык ФАПтын мед айымы Ибраимова Жылдыз Каныбековна Коронавирус боюнча окуучуларга доклад окуп, оору боюнча түшүндүрүү иштерин жасады.

13-мартта дүйнө жүзүндө болуп жаткан кырдаалга жараша окуучулар эрте каникулга чыгышты. Бирок мугалимдер окуучуларга дистанттык түрдө ар кандай видео слайддарды жасап окуучуларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүп жатышты.

8-апрелден баштап мектеп окуучуларга окутуу дистанттык түрдө жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу, окуучуларга тарбиялык иштер да онлайн форматта тапшырмалар берилип жатты.

Май айы майрамдарга бай болгондуктан иш чаралар көп өткөрүлдү.

5- май көз карандысыз мамлекеттин негизги мыйзамын кабыл алуу тарыхта калган күн болгон. 1993-жылдын 5-майында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 12-сессиясында, Кыргыз Республикасынын конституциясы кабыл алынган. Дал ошол күндөн

баштап календарда Мамлекеттик Кыргыз Республикасында 5-май "Конституция күнү" тарыхый дата болуп белгиленип келет. Ошол тарыхый күн тууралуу мектеп администрациясы тарабынан видео слайд жасалып ар бир класстардын группаларына түшүндүрмө иштери катары таратылды.

Ал эми 9-май Улуу Ата-Мекендик согуштун 75 жылдыгына карата класс жетекчилер тарабынан, дистанттык түрдө төмөндөгүдөй иш-чаралар өткөрүлдү:

1.Улуу Ата-Мекендик согуштун 75 жылдыгына карата класстык сааттар;

"Баатырлардын эрдиги"

" 9-Май Жеңиш күнү,

" Тынчтык-тынчтык" ,

"Согуш апааты", "Аталарды даңктайлы". ж.б.

2. Ар бир класс жетекчи Согуш туралуу видео слайд жасап, окуучуларга түшүндүрүү иштерин жасашты.

- 10-апрелден баштап Улуу Ата-Мекендик согуштун 75 жылдыгына карата дистанттык түрдө "Аталардын эрдигин даңктайбыз" –деген темада көркөм айтуу, сүрөт, дил баян, обондуу ыр сынактары болуп өтүп, эң жакшы көркөм айткан, эң жакшы сүрөт тарткан , эң жакшы дил баян жазган окуучулардын иштерин Facbook, Instagram, Whatsapp баракчаларына жүктөдүк . Мындан тышкары мектеп ичинде калыстар тобу түзүлүп, төмөнкү таланттуу окуучулардын иштерин мыкты деп баалашты.

1.Көркөм айтуу боюнча : 11-класстын окуучусу Жаныбек кызы Элиза 1-орунга ээ болуп, "Аталардын эрдигин данктайбыз" аттуу республикалык онлайн-фестивальга жөнөтүлүп "Көркөм окуу" номинасиясы боюнча диплом менен сыйланды.

2. Согуш, Жеңиш, Тынчтык, темасына арналган сүрөттөрдү тартуу боюнча төмөнкүлөрдүн иштери мыкты деп табылды.

- Искендерова Аяна 6-кл
- Шаршенбеков Назар 8-кл
- Абасова Эльнура 8-кл
- Шаршенбеков Уран

- Дилбаян, эссе жазуу боюнча 11а-класстын окуучусу Боркеева Айгүлдүн иши эң жакшы деп бааланды.

Мындан тышкары мектепте көркөм өнөр кружогу иштеп келет. Кружокко катышкан окуучулар да Улуу Ата-Мекендик согуштун 75жылдыгына карата өз таланттарын барак бетине түшүрүп, кол көргөзмөлөрдү жасашты.

30-май салтанаттуу "Акыркы коңгуроо" майрамы боюнча класс жетекчилер тарабынан слайд жасалды. Слайдда Сын-Таш айыл өкмөтүнүн башчысы Байбеков Руслан Таласбекович, мектеп директору Боркеев Эркинбек Токтосунович ж.б мугалимдердин куттукттоо каалоо тилектери жаңырып, бүтүрүүчүлөргө онлайн куттуктоо сөздөрүн айтышты. 30-май "Акыркы коңгуроо" күнү балдар үйлөрүндө ата-энелеринин көзөмөлүндө болуп, эч жакка чыгышкан жок. Отуруш уюштурушкан эмес. Мектеп администрациясы рейдде болду.

1-11-класстардын окуучуларына каникул учурунда "Жолдо жүрүү эрежеси", "Өрт коопсуздугу", "Техника коопсуздук" ж.б өзгөчө кырдаал боюнча окуучуларга инструктаж өткөрүлдү жана онлайн видео слайддар көргөзүлдү.

Мектеп директору: Боркеев Э.Т

Тарбия завуч: Кенжалиева М.З.